**Мамлекеттик казына облигацияларынын рыногу**

*(2015-жылдын август айы)*

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде биринчилик рынокто Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу өткөрүлгөн. Аукциондор боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын жарыяланган эмиссиянын көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 84,5 пайызга жогорулоо менен 1,0 млрд сомду түзгөн, мында кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун катышуучулары тарабынан 5 жылдык баалуу кагаздар гана сатылып алынган. Суроо-талаптын жалпы көлөмү 64,5 пайызга жогорулоо менен 1,7 млрд сомду түзгөн.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде мамлекеттик казына облигациялары боюнча орто айлык кирешелүүлүктүн жалпы көрсөткүчү ай ичинде 2,1 п.п. жогорулоо менен 17,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн.

**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Жыл башынан тартып жүгүртүүдө мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү 8,7 млрд сомго чейин көбөйгөн (+21,1 пайыз). Мында, негизги ээлик кылуучулардын – институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 2,4 пайыздык пунктка (54,5 пайызга чейин) көбөйүшү байкалган. Коммерциялык банктардын салыштырма салмагы тескерисинче 2,5 п.п. төмөндөп, 45,3 пайыз өлчөмүндө калыптанган. Юридикалык жактардын-резиденттердин салыштырма салмагы мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган.

Айдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик казына облигацияларынын биринчилик рыногунда концентрациялануу индекси 0,31 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку

деңгээлин көрсөтүү менен рынокто бирдей үлүшкө ээ үч инвесторлордун катышкандыгына дал келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда мамлекеттик казына облигациялары менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | | Резидент эмес юридик. жактар | | Резидент жеке жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Август'2014 | 6 994 600,0 | 3 084 681,3 | 44,1 | 3 903 218,7 | 55,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Сентябрь | 7 208 100,0 | 3 318 252,5 | 46,0 | 3 883 147,5 | 53,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Октябрь | 7 229 000,0 | 3 368 300,4 | 46,6 | 3 853 999,6 | 53,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Ноябрь | 7 218 400,0 | 3 390 223,4 | 47,0 | 3 821 476,6 | 52,9 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Декабрь | 7 156 300,0 | 3 420 223,4 | 47,8 | 3 729 376,6 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Январь'2015 | 7 493 150,0 | 3 523 928,0 | 47,0 | 3 902 472,0 | 52,1 | 6 700,0 | 0,1 | 60 000 | 0,8 | 50 | 0,0 |
| Февраль | 7 717 100,0 | 3 601 628,0 | 46,7 | 4 108 772,0 | 53,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Март | 8 103 650,0 | 3 706 678,3 | 45,7 | 4 390 221,7 | 54,2 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Апрель | 8 009 150,0 | 3 612 178,3 | 45,1 | 4 390 221,7 | 54,8 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Май | 7 977 150,0 | 3 475 792,3 | 43,6 | 4 494 607,7 | 56,3 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Июнь | 7 672 150,0 | 3 435 898,4 | 44,8 | 4 229 501,6 | 55,1 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Июль | 8 126 150,0 | 3 685 898,4 | 45,4 | 4 433 501,6 | 54,6 | 6 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |
| Август | 8 663 450,0 | 3 928 014,9 | 45,3 | 4 723 685,1 | 54,5 | 11 700,0 | 0,1 | 0 | 0,0 | 50 | 0,0 |